# М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин жогорку кесиптик билим берүү программаларын сырттан баалоонун алдын-ала жыйынтыктары

**ЭК төрагасы:**

1. А.Мырсабекова атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин илимий иштер боюнча проректору б.и.к.: ____________ Абсатаров Р.Р.

**ЭК мүчөлөрү:**

1. НИАРСтын Директору т.и.к., доцент: ____________ Кошоева Б.Б.

2. Өзбекстан Республикасынын Фергана политехникалык Институтунун Айыл чарба продуктыларын кайра иштетүү жана сактоо технологиялары кафедрасынын доценти, т.и.д.: ____________ Назирова Р.М

3. «Ош облустук басмакана” ААК төрагасы ____________ Маматалиев М.О.

4. ОшМУнун Менеджмент жана маркетинг кафедрасынын профессору э.и.д.: ____________ Эргешбаев У.Ж.

5. Референт: НИАРСтын директорунун орун басары ____________ Жениш кызы Э.

6. ОшМУнун Математика жана маалымат технологиялар факультетинин ИСТ(м)-1-22 тайпасынын магистранты: ____________ Турсунбаев Э.Т

*05.03.2024*

## 1-Стандарт. САПАТТЫ КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ ЖАНА САЯСАТЫ

**Күчтүү жактары:**

- Билим берүү программасынын миссия, стратегиялык иш пландардын негизинде кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрүнө багытталган максаттарынын, күтүлүүчү натыйжалардын ачык көрсөтүлүшү.
- Сапатты камсыздоо саясатынын документтештирилген системасынын коом үчүн толук ачыктыгы;
- Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын жүргүзүү, билим берүүнүн сапатынын менеджментинин документтештирилген тутумунун толук кандуу автоматташтырылган ыңгайлууу УНИВЕР+ информациялык системасынын жана билим берүү порталынын негизинде жүргүзүлүшү.

**Алсыз жактары:**

- Университеттин сайтында маалыматтардын көпчүлүгү бир гана тилде таркалуусу.

**Сунуштар:**

- Университеттин сайтына маалыматтарды жайылтуунун орус жана англис тилдерде да таркатуунун колго алуу

**1-стандарт аткарылууда.**

## 2-Стандарт. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫ

***Күчтүү жактары:***

- Жаңыртылган программанын мазмуну Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына, ОшТУнун миссиясына, билим берүү максаттарына, бардык кызыкдар тараптардын талаптарына шайкеш келет;
- Максаттар, күтүлгөн окуу натыйжалары жана бүтүрүүчүлөр билим берүү программасын аяктагандан кийин ээ болгон компетенциялар ОшТУнун бөлүмүнүн веб-баракчасында жарыяланган бардык кызыкдар тараптар тарабынан аныкталат.
- Программалар ОшТУнун магистранттарынын ишке жайгашуусун, ошондой эле практиканын бардык түрлөрүн өткөрүүнү эске алат.
- Европалык кредиттик трансфер системасын (ECTS) колдонуу;
- Университетте автоматташтырууну өркүндөтүү максатында «Univer+» билим берүү порталы өз алдынча иштелип чыгып, ишке киргизилген.

**Алсыз жактары:**

- Кыргыз тилиндеги окуу китептеринин жетишсиздиги жана окутуучуларды кыргыз тилинде окуу китептерин жазууга кызыктыруучу механизмдин жоктугу;
- Адистик боюнча жаңы окуу адабияттарынын аздыгы.
- 570400-Дизайн адистигинин НББПсын түзүүгө алыскы чет-өлкөлүк ишкерлерди, кызыктар тараптар тартылбаган.

**Сунуштар:**

- Адистик боюнча кыргыз тилинде окуу-адабияттарын иштеп чыгуу боюнча профессордук-окутуучулук курамга кызыктыруучу механизмдерди иштеп чыгуу;
- Жаңыдан чыккан адабияттар менен китепкананы толуктоо.

- 570400-Дизайн адистигинин НББП сын түзүүгө алыскы чет-өлкөлүк ишшкерлерди, кызыктар тараптарды тартуу.

**2-Стандарт кемчиликтер менен аткарылууда.**

## 3-Стандарт. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ ЖАНА СТУДЕНТТЕРДИН САБАККА ЖЕТИШҮҮСҮН БААЛОО

***Күчтүү жактары:***

- Заманбап, эффективдүү жана функционалдык маалымат базасынын болушу,
- Автоматташтырылган веб-тиркемелердин негизинде иштөө;
- Критерийлердин жана методдордун документтештирилген системасынын коомчулук үчүн толук ачыктыгы;
- Күтүлгөн натыйжаларга карата адекваттуу баа берүү;
- 610600 Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн технологиясы багыты боюнча лабораториялык базасынын жогорку деңгээлде болушу

***Алсыз жактары:***

- Магистрдик диссертациялардын антиплагиат программасынан өткрүлбөгөндүгү;
- Сабактарды өтүүдө мультимедиалык окутуу каражаттарынын жетишээрлик деңгээлде камсыздалбашы.
- 520800 Экология жана жаратылышты пайдалануу багыты (магистр) боюнча билим берүү программасы үчүн илимий-изилдөө лабораториясында шарттардын жоктугу;
- 690300 Маалымат коммуникациялык технологиялар жана байланыш системалар жана 570400-Дизайн (бакалавр) багыттары боюнча лицензиялык программалардын жоктугу;

**Сунуштар:**

- Шартка жараша заманбап мультимедиялык каражаттар менен камсыздоо
- Лицензиялуу антиплагиат программасын сатып алуу жана магистрдик диссертацияларды, бүтүрүүчү квалификациялык иштерди, дипломдук долбоорлорду өткөрүү.
- 520800 Экология жана жаратылышты пайдалануу багыты (магистр) үчүн илимий-изилдөө лабораторияларынын шарттарын жакшыртуу.
- 690300 Маалымат коммуникациялык технологиялар жана байланыш системалар жана 570400-Дизайн (бакалавр) багыттары боюнча лицензиялык программалар менен камсыздоо.

**3-Стандарт кемчиликтер менен аткарылууда.**

## 4 - Стандарт. СТУДЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ, БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫН ТААНУУ ЖАНА СЕРТИФИКАТТОО

**Күчтүү жактары:**

- Студенттерди кабыл алуунун эрежелерин, процесстерин жана критерийлерин колдонуудагы ачык-айкындуулук жана ырааттуулук;
- Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясы жана университет менен бүтүрүүчүлөрдүн ортосундагы бекем байланыш.
- Магистранттардын тандап алган билим берүүчүлүк траекториясы боюнча толук жана өз убагында маалымат жана кеңеш алуусундагы окуу жайдын ишмердүүлүгү магистранттардын кесиптик өнүгүүсүнө шарт түзүүгө багытталган жана тандаган кесиби жөнүндө толук түшүнүктү (элестетүүнү) берет.
- Рекламалык материалдар системалуу түрдө жаңыланып, окутуучулардын кесипке багыт берүү боюнча регулярдуу ишмердигине көзөмөл жүргүзүлөт, жыйынтыктары жалпыланып жана талданып, окуу жайдын ишмердүүлүгүн жакшыртуу үчүн чечимдер кабыл алынат.

- 570400-Дизайн (бакалавр) багытын Алтын сертификат алган абитуриенттердин тандоосу.

**Алсыз жактары:**

- Республиканын алыскы райондоруна адистик боюнча маалыматтын аздыгы;
- 520800 Экология жана жаратылышты пайдалануу багыты боюнча магистранттардын академиялык мобилдүүлүгүнүн солгундашы

***Сунуштар:***

- Республиканын алыскы райондоруна кесипке багыт берүү иштерин күчөтүү;
- 520800 Экология жана жаратылышты пайдалануу багытынын магистранттарынын академиялык мобилдүүлүгү боюнча чет элдик окуу жайлар менен байланышты чыңдоо;
- Бакалавриат боюнча Республикалык гранттык орундарды көбөйтүү.

**4-Стандарт аткарылууда.**

## 5 - Стандарт. ОКУТУУЧУ ЖАНА ОКУТУУ-КӨМӨКЧҮ КУРАМЫ

***Күчтүү жактары*:**

- Профессордук-окутуучулар курамдын квалификациясы, билими жана тажрыйбасы аккредитацияланып жаткан адистикке жана мамлекеттик билим берүү стандарттарын талаптарына ылайык келет.
- Аккредитацияланууучу адистиктердеги профессордук-окутуучу курамынын сапаттык көрсөткүчү 50%дан ашат.
- Турмуш шарты оор профессордук-окутуучулук курамга социалдык жардамдардын болушу;
- Университеттин жатаканасынын турмуш шарты оор жана жаш үй-бүлө курган профессордук-окутуучулук курамга арзан берилиши.

**Алсыз жактары:**

- Кенже илимий кызматкерлер үчүн алмашуу программаларынын жоктугу
- Окутуучулардын илимий-изилдөө иштерине активдүү катышуусу жана аны окуу процессинде пайдалануусу бир аз солгундап кеткен.

***Сунуштар:***

- Илимий изилдөө иштерин жандандыруу максатында ички гранттарды берүү;
- Scopus и Web of Science базаларында индекстелген илимий журналдарга чыккан макалалар үчүн сый акы берүү

**5-Стандарт аткарылууда.**

## 6-Стандарт. БИЛИМ БЕРҮҮ РЕСУРСТАРЫ ЖАНА СТУДЕНТТЕРДИ КОЛДОО СИСТЕМАЛАРЫ

***Күчтүү жактары:***

- Университет иштеп чыккан Универ+ маалымат системасынын ийгиликтүү колдонулушу.
- Окуу тарбия иштерининин жакшы жолго коюлганы
- Дээрлик бардык аудиторияларды, лабораторияларды жана жумуш орундарын интернет менен камсыздалышы;
- Студенттерге китепкана, жатакана ж.б. түрүндөгү кызмат көрсөтүү үчүн жакшы инфраструктура түзүлгөн;
- Жеке басмаканасынын болушу;

- Муктаж студенттерге финансылык жардам фондунун болушу.

**Алсыз жактары:**

- Окуу корпусундагы жылуулук системасынын окуу корпустарында бирдей иштебегендиги
- Аккредитацияланууччу адистиктерде кыргыз тилиндеги окуу китептери жана заманбап адабияттардын жетишсиздиги байкалат.
- 570400-Дизайн адистиги үчүн усулдук устаканалар заманбап жабдуулар менен камсыздалбаган.

***Сунуштар:***

- 2024-2025- окуу жылына карата жылуулук системасын толук кандуу ишке киргизүү, коридорлордо жылуулук берүүчү системаларды жаңылоо.
- Кыргыз тилиндеги окуу китептерин министрликтин грифи менен басып чыгарууга кызыктыруу үчүн конкурстарды уюштуруу;
- 610600 Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн технологиясы багыты боюнча лабораториялар үчүн аудиторияларды бөлүп берүү.

**6-Стандарт кемчиликтер менен аткарылууда**

## 7 - Стандарт. КООМЧУЛУККА МААЛЫМДОО

**Күчтүү жактары:**

- ОшТУ жогорку кесиптик билим берүү программалары жана аларга берилүүчү квалификациялар боюнча маалыматты дайыма өз убагынта ОшТУнун сайтында, ”Жаштык” телеберүүсүндө, “Студ-таймс” газетасы жана социалдык тармактар аркылуу жарыялап турат.
- ОшТУнун карьера борбору шаардык ишке жайгашууга көмөк көрсөтүү жана жайгаштыруу фонду менен тыгыз кызматташып, “Бош орундар” жарманкесин түштүк региону боюнча уюштуруп турат.
- Университеттин өзүнүн телеканалынын болушу;
- Басып чыгаруу үчүн өзүнүн илимий журналдарынын болушу;
- Университеттин өзүнүн гезитинин болушу.
- Университеттин өзүнүн бюллетенинин болушу;

**Алсыз жактары:**

- Университеттин расмий сайтынын башкы бетинде үч тил болгонуна карабастан, бардык ресурстар үч тилде маалымат бере бербейт.

**7-Стандарт аткарылууда**

## *Аккредитациялык стандарттардын аткарылышын баалоо:*

1-стандарт аткарылууда

2-стандарт кемчиликтер менен аткарылууда

3-стандарт кемчиликтер менен аткарылууда

4-стандарт аткарылууда

5-стандарт аткарылууда

6-стандарт кемчиликтер менен аткарылууда

7-стандарт аткарылууда

## Аккредитациялык чечим боюнча эксперттик комиссиянын долбоору:

1. 520800 Экология жана жаратылышты пайдалануу (магистр) билим берүү багыты;
2. 690300 Маалымат коммуникациялык технологиялар жана байланыш системалар (магистр) билим берүү багыты;
3. 610600 Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн технологиясы (магистр) билим берүү багыты;
4. 570400-Дизайн (бакалавр) билим берүү багыты.

**Жогорку кесиптик билим берүүнүн программалары 5 жылдык мөөнөткө аккредитацияланды деп эсептелсин.**

***Жогоруда айтылган сунуштарды 2025-2026-окуу жылына чейин аткаруу жагы М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетине жүктөлсүн***

*05.03.2024*